Инв. № 4095

# ПАПКА
## для
# БУМАГ

Свердловское УПП УЗОС
Арт. 1064 Цена 1-45
г. Ташкент, тип. «Фрунзевец». Зак. № 504

Айтбаев М. Т.

Кыргыз элинин чыгышы жөнүндөгү легендалар.

ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 4095
15/XI - 60г.

I.

# I. КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЧЫГЫШЫ ЖӨНҮНДӨГҮ ЛЕГЕНДАЛАР

## I. АДАМ БАЛАСЫНЫН ПАЙДА БОЛУУСУ ЖАНА НУХ ПАЙГАМБАРДЫН ТУКУМДАРЫ ЖӨНҮНДӨ

Адамдын чыгышы жана дүйүйө жүзүндөгү бардык адамдардын таралышы жөнүндөгү диалектикалык материализмдин талабына туура жооп бере албаган эл арасында молдолор аркылуу тарап кеткен легенда - жылы Казан басмасынан чыккан "Ксаси амбия"[1] аттуу китепте жазылган. Бул китеп элдин башын динге айландыруу максатында жектен идеалисттик принциптердин негизинде жазылган. Китептин мазмуну төмөндөгүчө.

Адегенде кудай өзү гана болгон. Ал - эч несеге окшобогон денеси да жок бардыгын түшүнгөн, бирдигин гетей алган күч. Ал башынан бери болгон жана түбөлүктүү. Кудай биринчи жолу нурду жаратып, аны экинчи кылып жараткан Тобус деген кушка жабат. Кушту кондуруп үчүн дарак жаратып, атын Мажиратил Жакин коет, Бак башында тобуска кудай өзүн сездирсе куш балкый түшүп алты тамчы тер болгон. Алты тамчыдан алты нерсе жаратылды:
I. Жети кат асман, 2. Жети кат жер. 3. Сегиз бейиш, 4. Жети тозок. 5. Арши деген жакшы жай, 6. Күрүч өсүмдүгү.

Тобус дагы эле тердей берет. Тердин кийинки тамчыларынан жетимиш миң периште жаратылат. Бул жетимиш миң периштенин ичинен [illegible] иште төртөө:

I. Жебирейил--кудай менен адамдын ортосундагы кабарларды ташып турат.

2. Мекейил--адамга, айбанга ырыскы жеткирип турат.

3. Азирейил--жандуулардын жанын алып туруучу периште.

4. Ысырайыл-- адамдын алынган жандарын жердей чоңдуктагы аарынын уюгундай уюктары бар капаска камап турат.

Жетимиш периште жаратылган соң кудай дидарын көргөзсө тозоктон от жанып, андан азезил периште жаратылат. Ал бардыгын билгендиктен жетимиш миң периштени окутуп, өнөр билгизди.

Периштелер жаратылып, өнөр билип чыккан соң, кудай бош жаткан жерге ээ жаратмак болуп периштелерге кайрылат.

— Силер асманды ээледиңер. Мен жердин ээсин жаратам.

Анда Азазил:

— Жерди деле биз ээлейбизби. Же биз жетишпейбизби- деп наразылыгын билдирет.

Ага кудай жооп кайтарат:

— Мен силерди жерге ээ кылсам силерге ошол жаңы ээге берүүчү энчини берсем силер бузулуп, абдан күнөлүү болуп кетесиңер. Жаңы ээ силерден сабырлуу келип, күнөөнү азыраак жасайт.

Арум жана Марум аттуу эки периште суранып жатып кожоюн болуш үчүн жерге түшөт. Кудай тарабынан жибе[...] ген нурдан жаратылган Чолпон аттуу кызга алданып, ал[...] периштелик кептерин чечкенде Чолпон кийин асманга у[...] чыгат да жылдыз болуп жанып калат. Ал эми эки п[...]

күнөөсү үчүн Кэйкап деген чеп сыяктуу тоонун ичинде буттарынын бармагынан асылып турат. Азирейилге топурак алдырып келип, Жебирейилге жуурутуп Кудай адам жасайт. Ага адегенде маймыл сүрөтүн берип, жан киргизерде периштелерге адам алдында жүгүнүүсүн буюрат. Азезил баш тартып, калгандары жүгүнөт. Азезилдин аты Малгун болуп калат. Малгун--алланын ырайымынан чыкты деген мааниде. Ал дагы эки жолу күнөө кылган соң аты шайтан болуп калат.

Адам жаратылган соң анын шеригүүсүн көргөн кудай адамдын сол кабыргасынан бирди алып аялды /Хава эне/ жаратат. Экөөнү маймыл түсүнөн адам түсүнө келтирип бейишке киирет. Бейиште жүргөндө шайтандын азгыруусу менен өзгөчө буудайды жеп алышат да тукумдоого жөндөмдүү болуп калып, бейиштен ыргытылып ташталат. Адам ата менен Хава эненин тукумдары көбөйүп олтуруп, жер жүзүнө батпай кеткен жана күнөөнү көп кылып, кудай тарабынан жиберилген Нух пайгамбардын өтүнүчү бокнча жер жүзүн топоп сууга алдырат.

Нух өтө зор кеме жасап жандыктардан эркек-ургаачылап, өзүнүн үч баласын аялдары менен салып жөнөп суудан аман калат.

Нухтун үч уулу Хам, Сам, Яупас дегендер болгон. Хамдан Хапиш, Инди, Зангилер. Самдан Араб, Ажын элдери. Жупастан Торония жана Aрия элдери.

Нух дүйнө жүзүн Арак, Индустан, Түркстан деген үч олиятка[1/] бөлүп, Аракка, Хамды Индустанга, Яупасты Түркстанга жиберет.

Яупастан Торония, Хария. Торониядан Кытай, Индокитай, Япун, Мангул, татар, дунган, казак, өзбек ж.б. Хариядан Эрен, афган, жунан, арнаут, латин, парансоз, инглис, немис, орус— булар ак түстүү.

Торониянын эки аялы болгон. Бирөөнөн кытай, индокытай, япун, пин, казак, калмак, дунгандар. Экинчи аялынан Мангул, Татар деген эгиз бала. Алардан мангул жана татар элдери тарайт.

Эл көбөйүп калган кезде Ибрайым аттуу пайгамбар чыгат. Анын аталары төмөндөн жогору карай төмөндөгү тартипте саналат. Тарык / өз атасы/ —Нахур /чоң атасы/ — Сарык Аргу-Калык —Абыр—Шалык— Капнайын—Арпакшут—Ажым—Сам—Нух.

Ошол Ибрайымдин Саара деген аялынан Искак, Ажар аттуу аялынан Исмаил, Искактан Жакып жана Инс. Жакыптан он эки уул. Он эки уулдун бири Жусуп— пайгамбар.

Исмайилден Харис. Харистен Абас, Абастан Зарар, Зарардан Хамсат, андан Макум, Макумдан Жагыл, Жагылдан Забыр, Забырдан Абдумуталып жана Агаша.

Абдылдадан Мухамбет пайгамбар. Агашадан үч бала: Кутуйба, Кулкожокмат, Мансур. Мухамбет пайгамбар өлөрүндө эли журтун чогултуп: Менде кимдин акысы болсо алсын- дейт. Үн катпай турган эл ичинен Агаша чыгып: "Менин акым бар"— дейт- мен бир жолу төө минип бараткандa сиз камчы менен чапкан элеңиз". Мухамбет Агашага камчы карматтырып өзүн чабууга уруксат берет.

" Жок мен чаппаймын. Сиз мени жылаңач бараткандa чапкансыз-деп Агаша туруп алган соң, оорудан чыдай албай